**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**“ПАМИР-АЛАЙ” АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА “ПАМИР-АЛАЙ”**

---

Памир-Алай айылдык Кеңешинин VII-чакырылышын кезектеги 1- отурумунун

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 20-февралы № 2 Сары-Таш айылы

**«Сары-Могол» айыл өкмөтү мекемеси, «Талды-Суу» айыл өкмөтү мекемеси жана “Сары-Таш” айыл өкмөтү мекемесинин биригүүсү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, “Памир-Алай” айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. «Сары-Могол» айыл өкмөтү мекемеси, «Талды-Суу» айыл өкмөтү мекемеси жана “Сары-Таш” айыл өкмөтү мекемесин бириктирүү жолу менен «Памир-Алай» айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемеси болуп кайра түзүлүүгө уруксат берилсин.

2. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы “Памир-Алай” айыл өкмөтү мекемесинин башчысы К.А.Анарбаевге жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышы боюнча көзөмөлдү өзүмө калтырам.

**“Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы** **Н.Койчуман уулу**